# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Алтынбүбү Назатаевна Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн Жумалы уулу Кутманбектин өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 17-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Касымалиев М.Ш., Жолдошева Л.Ч., Шаршеналиев Ж.А., катчы Маамыталы кызы Камиланын катышуусунда Алтынбүбү Назатаевна Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн Жумалы уулу Кутманбектин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2023-жылдын 19-сентябрында А.Н. Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн К. Жумалы уулунун Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин 85-статьясын, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 92-статьясын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1, 2, 5-бөлүктөрүнө, 16-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 17-беренесинин 1-бөлүгүнө, 23-беренесинин 3-бөлүгүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө, 35-беренесине, 53-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-беренелерине ылайык келүүсүн текшерип берүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, 2013-жылдын 12-августунда Чүй мамлекеттик бассейндик суу чарба башкармалыгы менен А.Н. Калматованын ортосунда келишим түзүлүп, ага ылайык

көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, жеңил конструкцияларды тургузуу үчүн жер тилкеси ижарага берилген.

Бирок, 2020-жылдын 19-ноябрында Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы (мындан ары – Башкы прокуратура) тарабынан жүргүзүлгөн текшерүү убагында жогоруда аталган суу башкармалыгы каналдын жээгиндеги суу фондунун жерине кирген жер тилкесин ижарага тийиштүү түрдө мыйзамдарга жана Чүй бассейндик суу чарба башкармалыгынын Уставында аныкталган тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими же Суу чарба Департаментинин макулдугусуз берилгендиги аныкталган.

Анткени Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 89-статьясына ылайык, көлмөлөр (суулар, көлдөр, суу сактагычтар, каналдар), мөңгүлөр, саздар, гидротехникалык, гидроэнергетикалык жана башка суу чарба курулуштары ээлеген жерлер, ошондой эле көлмөлөрдү жээктей кеткен тилкелерге бөлүнгөн жерлер суу фондусунун жерлерине кирет.

Ушул эле Кодекстин 92-беренесинде суу фондусунун жерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен айыл, токой, балык, аңчылык чарбаларынын муктаждыктары, энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу боюнча объекттерди, жеңил конструкциядагы (капиталдык эмес) байланыш курулмаларын жайгаштыруу жана жер участогунун негизги максаттуу багытына каршы келбеген башка максаттар үчүн жеке жана юридикалык жактарга мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилиши мүмкүн деп белгиленген.

Ушуга байланыштуу, аталган башкармалык менен А.Н. Калматованын ортосунда түзүлгөн ижара келишими мыйзамдын талабы сакталбай түзүлгөндүктөн, жараксыз деп табылууга жатат деп эсептеп, Башкы прокуратура тиешелүү доо арыз менен Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотуна кайрылып, жыйынтыгында аталган соттун 2021-жылдын 24-февралындагы чечими менен доо арыз канааттандырылган.

Ал эми Чүй облустук сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2021-жылдын 4-августундагы чечими менен жогоруда аталган Аламүдүн райондук сотунун чечими бузулуп, жаңы чечими кабыл алынган.

Апелляциялык инстанциянын чечимине макул болбостон, Башкы прокуратура ага кассациялык даттануу келтирүү менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылып, кароонун натыйжасында Чүй облустук сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2021-жылдын 4-августундагы чечими жокко чыгарылып, ал эми Аламүдүн райондук сотунун 2021-жылдын 24-февралындагы чечими күчүндө калтырылган.

Арыз ээси Кыргыз Республикасынын укук коргоо жана сот органдары тарабынан талашылып жаткан ченемдерди колдонулушу анын ижарага алган жер тилкесин баштапкы абалга, тактап айтканда аны суу фондусуна кайтарууга, аны менен Конституциянын ченемдерин бузууга алып келди деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, кайрылуу субъектиси талашылып жаткан ченемдерди конституциялуу эмес деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы М.Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигинен жана кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнөн келип чыгат.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, конституциялык принциптерге жана орнотмолорго каршы коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну тастыктаган укуктук мүнөздөгү ынандыруучу жүйөлөрдүн болуусунда ченемдик укуктук актылардын же алардын структуралык элементтеринин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү саналат. Ушуга байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда Конституциялык сотко болгон кайрылууну тариздөөгө жана арызданууучу койгон маселе боюнча анын көз карашын негиздөөгө болгон бир катар талаптар караштырылган (19, 26, 27 жана 30-беренелер).

Жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык арызданууучу өз кайрылуусунда ал койгон маселе боюнча жеке позициясын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемесин көрсөтүүгө милдеттүү.

Бул талап арызданууучунун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болуп, конституциялык орнотмолор менен тутумдук байланышта туруп жана аны менен талашылып жаткан укуктук ченемдердин жөнгө салуучулук таасиринин конституциялуулугунда анык күмөндүүлүктү пайда кылышы керек дегенди билдирет.

Ал эми К. Жумалы уулунун кайрылуусунда талашылып жаткан ченемдер менен Конституциянын тиешелүү ченемдеринин арасында тутумдук укуктук байланыш жок экени көрүнөт. Арызданууучу укуктук мүнөздөгү эмес фактологиялык жүйөлөрдү, тактап айтканда, жалпы юрисдикциядагы соттордун укук колдонуу тажрыйбасындагы маселелерди баяндаган. Мындай жагдайда талашылып жаткан ченемдер аныксыздыкты жаратпайт.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган

конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. А.Н. Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн К. Жумалы уулунун Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин 85-статьясын, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 92-статьясын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1, 2, 5-бөлүктөрүнө, 16-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 17-беренесинин 1-бөлүгүнө, 23-беренесинин 3-бөлүгүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө, 35-беренесине, 53-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-беренелерине ылайык келүүсүн текшерип берүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Касымалиев М.Ш.

Жолдошева Л.Ч.

Шаршеналиев Ж.А.

№_____